КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

11.07.2023 г. № 4677/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

## 2023-2024-окуу жылына Кыргыз Республикасынын кесиптик орто окуу жайларына абитуриенттерди кабыл алууну уюштуруу жөнүндө

2023-2024-окуу жылына Кыргыз Республикасынын кесиптик орто окуу жайларына кабыл алуу кампаниясын уюштуруу максатында **буйрук кылам:**

1. Менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыгына карабастан Кыргыз Республикасынын кесиптик орто окуу жайларынын (кооЖ) жетекчилери кооЖдорго абитуриенттерди кабыл алууну уюштурууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы № 470 токтому менен бекитилген (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-июлундагы № 334 токтомунун редакциясында) Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү уюмдарына окууга адамдарды кабыл алуунун тартибин жетекчиликке алышсын.

2. Төмөнкүлөр белгиленсин:

- Россия Федерациясынын, Беларусь Республикасынын, Тажикстан Республикасынын, Казакстан Республикасынын жарандары Экономикалык жана гуманитардык тармактарда интеграцияны тереңдетүү жөнүндө 1996-жылдын 29-мартындагы келишимге катышуучу мамлекеттердин жарандарына окуу жайларга тапшырууга бирдей укуктарды берүү жөнүндө макулдашуунун алкагында (1998-ж.) бюджеттик орундарга конкурска катышууга укуктуу;

- Россия Федерациясынын, Беларусь Республикасынын, Тажикстан Республикасынын, Казакстан Республикасынын жарандары кооЖдорго тапшыруу конкурсуна катышуу үчүн документтерди "Абитуриент Online" - https://2020.edu.gov.kg автоматташтырылган маалыматтык системасын колдонуу менен алыстан режиминде электрондук түрдө тапшырышат;

- башка мамлекеттердин жарандары конкурска катышуу үчүн документтерди "Абитуриент Online" автоматташтырылган маалыматтык

системасында катталбастан кооždун кабыл алуу комиссиясына тапшырышат.

3. Конкурстун негизинде, бюджеттик орундардын өзүнчө квотасынын чегинде жеке арыздардын негизинде абитуриенттердин төмөнкү категорияларын (ырастоочу документтери бар болсо) коождорго кабыл алуу ишке ашырылсын: I, II топтогу майыптар, бала кезинен ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар, жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар, 2002-жылдын 17-18-мартында Жалал-Абад областынын Аксы районунда жана 2010-жылдын апрель-июнунда жана 2021-жылдын апрелинде болгон окуялардын натыйжасында курман болгон адамдардын балдары, кайрылман статусу бар адамдар.

4. Кирүү сынактары бланктык же компьютердик тестирлөө, оозеки же жазуу жүзүндөгү экзамен, угуу, кароо ж.б. түрүндө өткөрүлсүн.

5. Кыргыз Республикасынын орто кесиптик окуу жайларына 2023-2024-окуу жылына абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу турларын өткөрүү графиги тиркемеге ылайык бекитилсин.

6. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басары Абазбек уулу Р. жүктөлсүн.

## Об организации приема абитуриентов в средние профессиональные учебные заведения Кыргызской Республики на 2023-2024 учебный год

В целях организации приемной кампании в средние профессиональные учебные заведения Кыргызской Республики на 2023-2024 учебный год, **приказываю**:

1. Руководителям средних профессиональных учебных заведений Кыргызской Республики, независимо от форм собственности и ведомственной принадлежности при организации приема абитуриентов в спузы строго руководствоваться Порядком приема лиц на обучение в образовательные организации среднего профессионального образования Кыргызской Республики, утвержденным постановлением Правительства Кыргызской Республик от 4 июля 2012 года № 470 (в редакции постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики от 5 июля 2023 года № 334).

2. Установить, что:

- граждане Российской Федерации, Республики Беларусь, Республики Таджикистан, Республики Казахстан в рамках Соглашения о предоставлении равных прав гражданам государств-участников Договора об углублении интеграции в экономической и гуманитарной областях от 29 марта 1996 года на поступление в учебные заведения (1998г.) имеют право участвовать в конкурсе на бюджетные места;

- граждане Российской Федерации, Республики Беларусь, Республики Таджикистан, Республики Казахстан для участия в конкурсе на поступление в спузы подают документы в электронном виде в удаленном режиме с использованием Автоматизированной информационной системы «Абитуриент Online» - https://2020.edu.gov.kg;

- граждане других государств подают документы для участия в конкурсе в приемную комиссию спуза без регистрации в Автоматизированной информационной системе «Абитуриент Online».

3. Осуществлять зачисление в спузы на основе конкурса, в пределах отдельной квоты бюджетных мест на основании личных заявлений следующие категории абитуриентов (при наличии подтверждающих документов): инвалиды I, II групп, лица с ограниченными возможностями здоровья с детства, дети-сироты и дети, оставшиеся без попечения родителей, дети лиц, погибших в результате событий, произошедших 17-18 марта 2002 года в Аксыйском районе Жалал-Абадской области, в апреле-июне 2010 года и апреле 2021 года, лица, имеющие статус кайрылмана.

4. Вступительные испытания проводить в форме бланочного или компьютерного тестирования, устного или письменного экзамена, прослушивания, просмотра и т.д.

5. Утвердить график проведения туров отбора и зачисления абитуриентов в средние профессиональные учебные заведения Кыргызской Республики на 2023-2024 учебный год согласно приложению.

6. Контроль над исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра Абазбек уулу Р.

**Министр** **К.К.Иманалиев**

1-тиркеме
КР ББИМ буйругу
№ 4677/1
2023-ж. «11» 07

**2023-2024-окуу жылына Кыргыз Республикасынын кесиптик орто окуу жайларына абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу турларын өткөрүү графиги**

| | |
|---|---|
| 10–20 июлу 2023 г. | **1 тур - документтерди онлайн каттоо** |
| 21 – 22 июлу<br><br><br><br>24 июлу | Абитуриенттер үчүн кирүү сынактары өткөрүлөт:<br>- бирдей упайлар менен;<br>- медицина, маданият жана искусство, дене тарбия жана спорт адистиктери үчүн.<br><br>Кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмеси илинет |
| 24 – 26 июлу | Абитуриенттердин тастыктоосу |
| с 27 июля-7 августа | **2 тур – документтерди онлайн каттоо** |
| 8 – 9 августа<br><br><br><br>10 августа | Абитуриенттер үчүн кирүү сынактары өткөрүлөт:<br>- бирдей упайлар менен;<br>- медицина, маданият жана искусство, дене тарбия жана спорт адистиктери үчүн.<br><br>Кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмеси илинет |
| 10 – 13 августа | Абитуриенттердин тастыктоосу |
| с 14 – 25 августа | **3 тур - документтерди онлайн каттоо** |
| 26 августа<br><br><br><br>27 августа | Абитуриенттер үчүн кирүү сынактары өткөрүлөт:<br>- бирдей упайлар менен;<br>- медицина, маданият жана искусство, дене тарбия жана спорт адистиктери үчүн.<br><br>Кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмеси илинет |
| 27 – 30 августа | Абитуриенттердин тастыктоосу |

Приложение
к приказу МОН КР
№ 4677/1
от «11» 07 2023г.

**График**
**проведения туров отбора и зачисления абитуриентов в средние профессиональные учебные заведения Кыргызской Республики на 2023-2024 учебный год**

| | |
|---|---|
| с 10–20 июля 2023 г. | **1 тур - Онлайн регистрация документов** |
| 21 – 22 июля<br><br>24 июля | Проводятся вступительные испытания для абитуриентов:<br>- с одинаковыми баллами;<br>- для специальностей медицины, культуры и искусства, физической культуры и спорта.<br><br>Вывешиваются списки абитуриентов, рекомендованных к зачислению |
| 24 – 26 июля | Подтверждение абитуриентами |
| с 27 июля-7 августа | **2 тур – Онлайн регистрация документов** |
| 8 – 9 августа<br><br>10 августа | Проводятся вступительные испытания для абитуриентов:<br>- с одинаковыми баллами;<br>- для специальностей медицины, культуры и искусства, физической культуры и спорта.<br><br>Вывешиваются списки абитуриентов, рекомендованных к зачислению |
| 10 – 13 августа | Подтверждение абитуриентами |
| с 14 – 25 августа | **3 тур - Онлайн регистрация документов** |
| 26 августа<br><br>27 августа | Проводятся вступительные испытания для абитуриентов:<br>- с одинаковыми баллами;<br>- для специальностей медицины, культуры и искусства, физической культуры и спорта.<br><br>Вывешиваются списки абитуриентов, рекомендованных к зачислению |
| 27 – 30 августа | Подтверждение абитуриентами |